# ПАТРИОТТУУЛУКТУ КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ УЛУТТУК МАДАНИЯТТЫН ТАРБИЯЛЫК ТААСИРИ

Жаннат КАДЕНОВА*

**Аннотация:** Билим берүү системасында мекенчилдикке тарбиялоо бирден-бир приоритеттүү багыт болуу менен келечек муундагы патриоттуулук ан-сезимди, Ата Мекен кызыкчылыгы үчүн атуулдук милдетин аткарууга даярдыгын калыптандырууну шарттайт. Макалада ааламдашуу шартындагы социалдык, маданий өзгөрүүлөрдүн жаштарга тийгизген таасири белгиленди. Мекенчилдикке тарбиялоонун зарылчылыгы, абалы, айрым маселелери каралды.

***Түйүндүү Сөздөр:*** *Элдик Педагогика, Элдик Салттар, Инсан, Мекенчилдик, Ааламдашуу, Руханий Баалуулуктар, Материалдык Байлык*

**The Educational Effect of National Culture on the Formation of Patriotism**

**Summary:** Patriotic upbringing is one of the priority directions in the education system, since it favors the formation of a high patriotic consciousness among young people, the readiness to fulfill civil duty to protect the interests of the Motherland.

***Key Words:*** *Folk Pedagogy, National Traditions, Personality, Educator, Patriotism, Spiritual Values, Material Values*

Патриоттуулук – мекенди берилип сүйүү, анын өткөн тарыхы жана бүгүнкүсү менен сыймыктануу, маданий баалуулуктарын сактоо, керт башындын кызыкчылыгынан өлкөнүн кызыкчылыгын жогору коюу, ыйык Ата-журт үчүн кара жанды курман кылып, душмандардан коргоону шарттаган өзгөчө сезим. Атуулдук ар бир инсандын жашоосунун маңызы. Мекенсиздик, Ата Мекенден айрылуу адамзат учун эн оор жоготуу. Патриотизм деген жалпы түшүнүктү билдирет. Ал адамдын ыйман-адептик жана саясый принциби, социалдык сезими болуп, ошолор тигил адамды мекенин сүйүүгө жана коргоого, өзүнүн жеке кызыкчылыктарынан мекендик кызыкчылыгын жогору коюуга багытталат. Андай идеяга ээ болгон инсан өз мекенинин, элинин тарыхы, маданияты, улуттук өзгөчөлүктөрү менен сыймыктанат, мактанат, аларды байытууга кызмат кылат. Мекен түшүнүгү болсо бул же тигил инсандын киндик каны тамган туулган жери, өскөн жери – кичи мекени, ал эми кеңири түшүнүктө анын эли, анын мамлекети.

Тарыхчылар ар кандай доорлорду жана инсандарды талдап келип, патриотизмдин ар кандай көрүнүштөрүн көрсөтүп берет:

- мамлекеттик(этатический) патриотизм – мамлекетине карата сүйүүсү;
- империялык патриотизм – жеке бир империяны жана анын өкмөтүн, башкаруучуларын сүйүү;
- квастык патриотизм (ура-патриотизм) – өз мамлекетин жана элин ашкере эле ашынып сүйө берүү;
- полистик патриотизм – полистик сүйүү, б.а., белгилүү бир аймактардын кандайдыр бир тараптарын сүйүү;
- ультрапатриотизм – обу жок жерден эле жакшы көрүп, көкөлөтө берүү;
- этникалык патриотизм – өз элин гана сүйүү;
- шаардык патриотизм – шаарын гана сүйүү ж.б.

Ал эми «патриоттук тарбия» деген ошол «патриотизм» дегенден келип чыккан, азыр биз муну эне тилибизге «мекенчилдик», «мекенчилдикке тарбиялоо» деген түшүнүктөр менен туюнтуп алдык.

Патриоттук тарбия бул адамды мекенин, Ата журтун сүйүүчү, ал үчүн кызмат кылуучу, коргоочу инсан даражасына жеткирүү. Мындай сапаттарга жеткирүү үчүн анын көз карашын, жүрүш-турушун, адептик идеалдарын тарбиялоо талап кылынат. Тарбиялоонун бул түрү башка түрлөрү менен тыгыз гармонияда болуп, ал көп пландуу,

---

* Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл Аралык университети, Ош шаары, Кыргызстан, kadenova_edu.kg@bk.ru

масштабдуу, үзгүлтүксүз ишке ашырылуучу социалдык, бүтүн, функционалдык, уюштуруучулук аспектилердин продуктусу. Ал турмуштун социалдык-экономикалык, саясий, руханий, укуктук, педагогикалык аспектилеринде ишке ашат. Анда инсандын коомдук ориентациясы, жеке кызыкчылык менен коомдук кызыкчылыктын гармониясы чоң мааниге ээ болот. Мындай тарбиялоодо азыркы биздин шартта билим берүү уюмдарынын (бала бакча, мектеп, колледж, институт, университет) ролу чоң. Учурдагы коомдогу социалдык-маданий өзгөрүүлөр, саясый кырдаалдын татаалданышы жаштардын патриоттук ан-сезимин ойготуу учун окуу процессинде патриоттуулукка тарбиялоонун жаны формасын, каражаттарын жана усулдарын табууну талап кылат. Ааламдашуунун таасири жаштардын ан-сезимин түп тамырдан өзгөрттү. Инсандагы патриоттуулукту калыптандыруунун негизги элементи болгон улуттук маданияттын тарбиялык таасири алсызданды. Коомчулуктун ан-сезиминде өзүмчүлдүк, керт баштын кызыкчылыгын ойлоо, кайдыгерлик сыяктуу терс сапаттардын таралышы байкалууда. Бүгүнкү жаштар атуулдук иденттүүлүк, ички биримдик, мекенчилдик туюмдарын экинчи планга калтырып, материалдык баалуулукту баарынан жогору коюп жаткандары албетте, өкүнүчтүү. Бул жаштардын маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүртпөй жаткандыктарынан кабар берет.

Кыргыз элинде балдарды тарбиялоодо карылардын, улуулардын милдети өзгөчө феномен. Бул феномен «Манас» эпосундагы эң маанилүү көрүнүштөрдүн бири. Манасты дал ошондой көптү көргөн аксакалдар, көрөсөн көсөмдөр элдик тарбиянын эреже-нормалары менен тарбиялашат. Кары адамдар – турмуштук тажрыйбасы мол, этнопедагогдор [2].

Студенттердин арасында немец, корей, кытай, түрк, англис тилдерин үйрөнүүгө ынтызарлар көп. Атайын тил үйрөтүү курстарына барып окуп жаткандагы негизги максаттары, чет өлкөлөргө кетип, ал жактан айлык маянасы жогору иш менен камсыз болуу. Дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгү мекен, ар-намыс, эл-журт кызыкчылыгынын урматталбай калышына алып келип жатат.

Азыркы ааламдашуу доорундагы жаштарды патриот кылып тарбиялоо бир топ татаал, себеби алардын мекен тууралуу түшүнүгү мурдагы, мисалы, СССР учурундагыга караганда бир топ башка, интеграцияланган коомдо кыргыз жаштарынын ичинде түрк, америка, орус, араб, корец, кытай ж.б. улуттардын өкүлдөрүн идеал туткандар, чоңойсо эле башка мамлекетке кетип калууну эңсегендер жок эмес. Алардын Кыргызстандын патриоту болбой калуусунун себептери да ар түрдүү. Жаштардагы өз элинин чыныгы атуулу кылып тарбиялоодо адегенде төмөнкү тапшырмаларды ишке ашыруу абзел:

1. Тарбиялануучуларда мекенчилдик сезимдерин калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн байкоо;
2. Патриоттуулук сезимдердин ойгонушуна таасир эте турган ыкмаларды тандоо;
3. Ар улуттун өзүнө таандык бөтөнчөлүгүн, тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын, тилин, дилин жана өткөн кылымдарда жашаган улуу инсандардын тажрыйбасын аларга тааныта билүү.

К. Сейдалиевдин “Ата Мекени жөнүндөгү элдик жомоктор менен макал-лакаптар, элдик уламыштар жана болумуштары менен тааныш болбогон инсандан кантип ошол улутка жан күйгүзгөн инсан чыксын. Кыргыз комузунун күүлөрү, чоору менен сыбызгысынын доошу кулагына сиңбеген кыргызды кыргыз деп атоого болобу?” – деп айтканы бар [1: 5-б.]. Кыргыз жаштарын ааламдашуунун агымында өздөрүнүн улуттук тамырларын кыркып салбоо үчүн элди эл, улутту улут кылып келген элдик

педагогикасынын мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билүү керек. Элдик тарбиялык салттардын ааламдашуу доорундагы функциялары эмнелер менен байланышат:

1. Элдик тарбиялык салттар бул же тигил элдин менталитетине, психологиясына ылайыкташкандыктан алар ошол элдин кийинки муундарына да күчтүү таасирин тийгизе алат. Мисалы, кыргыздарда аксакалды сыйлоо, аксакалдын сөзүн угуу маданияты европалык башка улуттарга караганда башкача мааниде болот. Мына ушул салтты азыркы кыргыз балдарына айтсаң европалык балдарга караганда туура жана теңирээк түшүнөт.
2. Элдик педагогикалык маданият көптөгөн кылымдар бою эл турмушунда колдонулуп, тазаланып, ылганып, тандалып калган көрүнүш болуп эсептелгендиктен аны идеалдуу педагогика деп айтууга негиз болот.
3. Элдик педагогика элдин көсөмдөрү, даанышмандары тарабынан иштелип чыккан жана практикада колдонууга өтө ыңгайлуу. Мисалы, макал-ылакаптарды алсак, бир-эки гана сапка бүтүндөй турмуштун философиясын батырат да, өтө универсалдуулугу, колдонууга ыктуулугу, таасирдүүлүгү менен айырмалат [3].

Ошондой эле, «Манас» эпосундагы бала Манастын патриот инсан катары жетилиши аркылуу азыркы жаштардын мекенчилдик сезимдерин өнүктүрүп, өстүрүү технологияларын иштеп чыгууга да болот. Эң биринчи кезекте мындай ишти аткаруу үчүн мугалимдер жана окутуучулар өздөрү окуу жайларында студент учурда этнопедагогикалык жактан даярдыктан өтүшү керек. Ал даярдыктар Ф.Баитованын изилдөөсү боюнча төмөнкүдөй критерийлерге жооп бериши зарыл:

– балдарды ата-бабаларынын адеп-нарктарынын мураскору кылып тарбиялоого карата чын ыкластуу, туруктуу мамиле;

– «Манас» эпосунун педагогикалык дөөлөттөрү жана аларды таалим- тарбия ишинде колдонуу боюнча, методологиялык, теориялык, методикалык билимдердин комплекси;

– «Манас» эпосунун педагогикалык дөөлөттөрү аркылуу таалим-тарбия ишин уюштуруу, жүзөгө ашыруу боюнча кесиптик билгичтиктердин комплекси;

– «Манас» эпосунун педагогикалык дөөлөттөрү жана аларды таалим-тарбия ишинде колдонуу боюнча өзүнүн кесиптик даярдыгын диагностикалоо жана өз алдынча өркүндөтүү ыкласы жана билгичтиги [4: 14].

## АДАБИЯТТАР

[1] Сейдалиев, К. (1997). Элдик педагогиканын булактары. – Ош, – С.52.

[2] Каденова, Ж.Т. (2017). Факторы, формирующие Манаса патриотом / Ж.Т. Каденова // Известия Кыргызской академии образования. 1(41): 129-133. – EDN YSSETL.

[3] Каденова, Ж.Т. (2017). Педагогические функции народной традиционной культуры в глобальном мире / Ж.Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2-5: 26-29. – EDN XVRLXT.

[4] Баитова, Ф.Т. (2016). «Манас» эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо. – Пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. – Б. – 22 б.

[5] Муратов, А. (2011). Кыргызская народная педагогика: природа, распространение и история. 1-китеп. [Текст]/ А.Муратов.– Б.: «Турар». –604 с.

[6] Алимбеков, А. (1997). Кыргызская этнопедагогика. I часть. – Б. – 64 с.